Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу жана өндүрүштүк практикадан өткөрүү боюнча

# КЕЛИШИМ

Ош шаары «15. 01 2022»

Биз, төмөнкү кол коючулар, Ош Мамлекеттик университетинин, Табият таануу жана география факультетинин деканы профессор НизамиевА.Г мындан ары «ОшМУ», ТТГФ жана „Оштогу короктондуруу жана тазалгандоруу чарба комбинаты" М.И. жетекчиси Осмонов Жалил Акылбаевич

Мындан ары « Ишкана» , Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык «Окуу жана өндүрүштүк практикалар жөнүндө» жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

## 1. «ОшМУ» милдеттенет:

1.1 Жалпы практикалардын түрлөрүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2 . Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3 . Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт.

## 2. «Ишкана» милдеттери:

2.1. ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин жана Айыл чарба кафедрасынын “Ветеринария”, “Агрономия”адистигинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардлык планга ылайык 4 орун берет;

2.2. Студенттер учун эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Студенттерге өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу, өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу журушу боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

### 3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:

3.1. Тараптардын КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3.Келишим биринчи тараптан " ОшМУ", ТТГФ экинчи тараптан " Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2022-жылдын___________2027-жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси " Ишканада" сакталат.

**Тараптардын дареги:**

Ош мамлекеттик университети

Ош шаары   Ленин көч.331

ИНН  0207199610017

Табият таануу жана

география факультетини деканы,

г.и.д., профессор  Низамиев  А. Г

_______________________________

_______________________________

„Оштогу көрктөндүрүү жана тамыздандыруу чарба комбинаты" М. И.

Ош шаары, Курманжан-Датка „ 271

А. Мамыраимов

_______________________________